- мурда аймагыбыздын өнүгүшүнө баалуу салымдарын кошуп, учурда эл-журтка сөзү, жүрүш-турушу менен үлгү болгон, элдин ынтымагын, биримдигин чыңдоого, жаштарды тарбиялоого жумшаган аракеттери жогору бааланган эмгек ардагерлери.

3.4. Комиссиянын чечими айылдык кеңештин жыйынында талкууланат. Депутаттардын жалпы санынын 3төн 2 бөлүгү макулдук бергенде комиссиянын чечими кабыл алынды деп эсептелинет. Негиздүү себептер болгон учурда айылдык кеңеш комиссиянын чечимин кайра кароого кайтарышы мүмкүн. Мындай учурда комиссия, айылдык кеңештин жыйынында айтылган пикирлерди эске алуу менен, сунуш кылынган талапкерлердин тизмесин кайрадан карап чыгып, айылдык кеңештин жыйынына кайра сунуш кылат.

3.5. «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамы сыйлана турган адамдын өзүнө салтанаттуу кырдаалда Ак-Дөбө айылдык кеңешинин төрагасы жана Ак-Дөбө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан тапшырылат.

3.6. Сыйлыкты тапшыруу алдында Ак-Дөбө айылдык аймагынын алдындагы жарандарга «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу боюнча атайын комиссиянын «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамы менен сыйлоо тууралуу» чечимин бекитүү жөнүндөгү токтому окулат.

3.7. Сыйлануучу адамга сыйлоо учурунда төмөндөгүлөр берилет:

- Куттуктоо баракчасы (мында сыйлануучунун эмгек жолунун урунттуу учурлары эске алынган куттуктоо тексти орун алып, Ак-Дөбө айылдык кеңешинин төрагасынын жана Ак-Дөбө айыл аймагынын айыл өкмөт башчысынын колдору, мөөрлөрү менен тастыкталат. Куттуктоону Ак-Дөбө айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы, же анын ордуна жооптуу катчы окуп, тапшырат);
-«Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» деген жазуу менен катар жылы кошо саймаланып түшүрүлгөн сый лентасы;
- «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» күбөлүгү;
- «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» төш белгиси.

Төш белги сыйлануучу адамдын сол төшүнө тагылат. Күбөлүктү жана төш белгини Ак-Дөбө айылдык кеңешинин төрагасы тапшырат.

3.8. Эгерде сыйлануучу адам оорунун айынан, же башка негиздүү себептерден улам салтанатка келе албаса сыйлык ага турган жеринде тапшырылат.

## 4. Башка жоболор

4.1. «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамына татыктуу болгон адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жана Ак-Дөбө айылдык кеңешинин чыгарган чечимдерине ылайык жеңилдиктерден жана артыкчылыктардан пайдаланат.

4.2. «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамына татыктуу болгон адамдар айыл аймагында төмөндөгүдөй жеңилдиктерди жана укуктарды пайдалана алат:

- айыл аймагындагы ар кандай салтанаттуу жыйындарга ардактуу мейман катары чакыруу менен катышууга;
- айыл аймагындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бутактарында кезексиз кабыл алынууга;
- жашаган жерине атайын белги илип коюуга;
- мүмкүнчүлүккө жараша көчөгө, же башка аймактарга наам берүүдө эске алынууга.

## 5. Бул Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

5.1. Ак-Дөбө айыл аймагындагы мекеме-уюмдардын эмгек жамааттарынын жыйындарынын, жергиликтүү жамааттардын элдик жыйындарынын сунуштарын негизинде, Ак-Дөбө айылдык кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын 3төн 2 бөлүгүнүн макулдугу менен Жобого өзгөртүүлөр жана түздөтүүлөр киргизилиши мүмкүн.